# Жалпы республикалык тестке даярданабыз:

Абитуриенттер үчүн колдонмо

# Англис жана немис тилдери

УДК 378
ББК 74.58
Ж25

Бөлүмдөрдүн авторлору:

Англис тили: Л. Комиссарова, Л. Нагда, О. Смоляева
Немис тили: Е. Виноградова, А. Комаров
Кыргызчага которгон: Ж. Турдубаев

Педагогика илимдеринин кандидаты И. П. Валькованын редакциясы астында

Долбоор АКШнын Эларалык өнүгүү боюнча агенттигинин каржылоосу астында Эл аралык билим берүү боюнча Америкалык Кеңештер тарабынан жүзгө ашырылат

Жалпы республикалык тестке даярданабыз:
Ж25 Абитуриенттер үчүн колдонмо: Англис жана немис тилдери.-
– Б., 2005.: – 48 б.

ISBN 9967-22-591-2

Жалпы республикалык тест жүргүзүүнүн англис жана немис тилдери боюнча предметтик тесттерине даярдануу үчүн колдонмо. Колдонмодо тесттер жөнүндө зарыл маалымат, тест жүргүзүү учурундагы жүрүм-турум эрежелери, тапшырмаларды аткаруу боюнча көрсөтмөлөр, англис жана немис тилдери боюнча маалымдагыч материалдар, тест тапшырмаларынын мисалдары, ошондой эле алардын жооптору менен түшүндүрмөлөрү камтылган.

Ж 4309000000-05 УДК 378
ББК 74.58

ISBN 9967-22-591-2
© ЦООМО, 2005

**Мазмуну**


| | |
|---|---|
| **Киришүү** | **2** |
| **Англис тили** | **5** |
| **Маалымат бөлүмү** | **5** |
| **Англис тили боюнча тест тапшырмаларынын мисалдары** | **19** |
| **Англис тили боюнча тест тапшырмаларынын жооптору жана түшүндүрмөлөрү** | **22** |
| **Немис тили** | **26** |
| **Маалымат бөлүмү** | **27** |
| **Немис тили боюнча тест тапшырмаларынын мисалдары** | **38** |
| **Немис тили боюнча тест тапшырмаларынын жооптору жана түшүндүрмөлөрү** | **41** |

## Киришүү

Бул колдонмонун максаты –Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кирүү үчүн англис жана немис тилдери боюнча Сиздин тест тапшырууңузга жардамдашуу. Сиз мындан төмөндөгүлөрдү таба аласыз:

- чет тилдери боюнча тесттер жөнүндө жалпы маалымат;
- тест жүргүзүүнүн жол-жобосу жөнүндө айрым маалыматтар;
- тест тапшырмаларын аткаруу боюнча жалпы кеңештер;
- ар бир чет тили боюнча теориялык кыскача маалымат;
- тест тапшырмаларынын мисалдары;
- суроолордун жооптору жана түшүндүрмөлөрү;

## Чет тилдери боюнча тесттер жөнүндө жалпы маалымат

Англис жана немис тилдери боюнча тесттер жалпы билим берүүчү мектептин толук курсун аяктап, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына тапшырып жаткан бүтүрүүчүлөр үчүн түзүлгөн.

Англис жана немис тилдери боюнча тесттерди Сиз өзүңүз тапшырмакчы болгон адистиктерде ушул предметтик тесттер талап кылынган учурда гана тапшыруу керек. Тесттердин бирин эле, же англис жана немис тилдери боюнча экөөнү тең тапшырса болот. Ар бир предметтик тесттин баллдары негизги тесттин натыйжалары кандай экендигине карабай өзүнчө эсептелсе дагы, негизги тестти тапшырбай туруп, предметтик тестти тапшыруу мүмкүн эмес экендиги эсиңизде болсун.

Англис жана немис тилдери боюнча тесттин максаты – андан ары окуусун улантууга эң жөндөмдүү абитуриенттерди таап чыгуу. Бул тесттер Сиздин ушул сабактар боюнча билимиңизди жана билгичтиктериңизди көрсөтүшүңүзгө мүмкүндүк берет.

| Предметтик тест | Суроолордун саны | Убактысы |
|---|---|---|
| Англис тили | 50 | 90 мүн. |
| Немис тили | 50 | 90 мүн. |

## Тест жүргүзүүнүн жол-жобосу жөнүндө айрым маалыматтар

**Тест качан жана кайда өткөрүлөт?**

Тест жүргүзүү бул үчүн атайын жабдылган тест борборлорунда белгилүү график боюнча өткөрүлөт. Тест жүргүзүүнүн так убактысы жана орду жөнүндө Сиз өзүңүзгө берилген тестке киргизүү талонуна чапталган кабарландырмадан окуп билесиз.

**Экзамен күнү төмөндөгүлөрдү алып барышыңыз керек:**

- тестке киргизүү талонун. Эгер абитуриент каттоодон өтпөсө жана **талону жок болсо**, анда ал предметтик тестке **киргизилбейт**. Тестке **киргизүү талонун тест бүткөндөн кийин дагы топтолгон баллдар жөнүндө сертификат алганга чейин сактоо керек**;
- жакшы жана таза жаза турган калемсап;
- өзүңүз каттоодон өткөндө көрсөткөн документиңизди: паспортуңузду же туулгандыгыңыз жөнүндө күбөлүктү (эгер паспорт алуу курагына жете элек болсоңуз);
- саат.

**Эмнелерди албай киришиңиз керек?**

- калькулятор;
- кол телефон;
- фотоаппарат;
- ар кандай электрондук приборлор;
- окуу китептер, китептер, дептерлер, маалыматтын башка каалагандай булагы;
- тест жүргүзүү учурунда администраторлор атайын бере турган кагаздардан тышкары ар кандай барактар;
- рюкзак же сумка.

Бул саналган буюмдарыңыз бар болсо, атүгүл аларды пайдаланбасаңыз деле, Сизди тест жүргүзүү жайынан чыгарып жибериши мүмкүн.

**Предметтик тестти канча жолу тапшырууга болот?**

Ар бир предметтик тестти бир жылдын ичинде БИР гана жолу тапшырууга болот. Бул талап аткарылбаган учурда тест жүргүзүүнүн натыйжалары жокко чыгарылат.

**Тест учурунда өзүңүздү кандай алып жүрүшүңүз керек?**

Тест жүргүзүү учурунда төмөндөгүлөргө **тыюу салынат:**

- көчүрүп алууга;
- башка абитуриенттердин тест аткарышына тоскоол болууга;
- администратор жана башкалар менен сүйлөшүүгө;
- тест бүткөнгө чейин атайын уруксатсыз жана коштоочусуз бөлмөдөн чыгууга;
- администраторго тесттин мазмуну боюнча суроо берүүгө. Бирок эгер тесттеги суроолордун түзүлүшү боюнча кандайдыр сын пикир айткыңыз келсе, анда тест аяктагандан кийин Сиз администраторго кайрылып, андан «Тест тапшырмаларындагы түшүнүксүз жерлерди жана каталарды каттоо формасын» сурап алып, эмнени түшүнбөгөнүңүздү жазып койсоңуз болот;
- тестке берилген убакыт аяктагандан кийин, Сизге бөлмөдөн чыгып кетүүгө расмий түрдө уруксат берилет.

**Тест жүргүзүү учурунда жүрүм-турум эрежелерин сактабаган абитуриенттерди ушул жылы кайрадан тест тапшырууга уруксат бербей туруп чыгарып жиберишет**.

## Тест тапшырмаларын аткаруу боюнча айрым жалпы кеңештер

Чет тилдери боюнча тест 40 лексикалык-грамматикалык суроодон, 2 тесттен жана аларга карата 10 тапшырмадан турат.

Тестти аткарууга киришүүдөн мурун суроону кунт коюп окуп чыгып, түшүнүү зарыл, анткени тапшырмалар ар түрдүү болушу мүмкүн.

Мисалы:

- Жооп варианттарынын ичинен кайсынысы мааниси боюнча асты сызылган сөзгө эң жакын?
- Жооп варианттарынын ичинен кайсынысы мааниси жагынан сүйлөмдөгү асты сызылган сөзгө каршы келет?
- Жооп варианттарынын ичинен кайсынысы туура болот?
- Жооп варианттарынын ичинен кайсынысы ката?

Эгер сүйлөмдө Сиз бейтааныш сөздөрдү кезиктирсеңиз, анда бүтүндөй сүйлөмдү контекст жана грамматика боюнча талдап чыгууга аракеттениңиз: сөз түркүмдөрүн (зат атооч, этиш, сын атооч) аныктап, алардын формалык белгилери боюнча жооптун туура вариантын табыңыз.

Грамматикалык тапшырмаларды аткарууда орус же кыргыз тилдерин үйрөнүүдө өздөштүрүлгөн көндүмдөрдүн пайдасы тийиши мүмкүн.

Текстти окуганда анын бөлүктөрүнүн ортосундагы логикалык байланышка көңүл буруу, фактыларды жалпылай жана салыштыра билүү, себеп-натыйжа байланыштарын табуу, негизгилер менен экинчи катардагыларды айырмалоо, окулган текст боюнча жыйынтык чыгаруу зарыл.

Иштин жүрүшүндө **ТЕСТ ДЕПТЕРИНЕ ЭЧ КАНДАЙ БЕЛГИЛЕРДИ КОЙБОҢУЗ.**

**Эгер туура жоопту тандоодо кыйналсаңыз,** аны ойлонуштуруунун айрым ыкмаларын колдонуңуз.

- **Чыгарып салуу ыкмасын колдонуңуз**. Эгер туура жоопту билбесеңиз, чыгарып салуу ыкмасын колдонуңуз: адегенде дептериңизге өзүңүзгө туура эместей көрүнгөн жооптордун баарын белгилеңиз. Бирден бир туурасы калганга чейин туура эместерин чийе бериңиз. Туура жоопту жооп баракчасына көчүрүңүз.
- **Бир эле суроого көп убакыт коротпоңуз.** Бардык суроолор бирдей сандагы балл менен баалана турганы эсиңизде болсун. Эгер суроону түшүнүү үчүн көп ойлонуу талап кылынса, убакытты коротпой, кийинки суроого өтө бериңиз. Предметтик тесттеги калган тапшырмаларды аткарып бүткөндөн кийин түшүнүксүз суроого кайрылып көрүңүз.
- **Баллдарды байкоосуздан жоготуп албаңыз.** Толкунданбай, суроолорду окубай калып аттап кетпей, иштөөгө аракеттениңиз. Ар бир суроонун мүмкүн болгон бардык жоопторун карап чыгууга умтулуңуз. Сунушталган жооп варианттардын баарын талдап көрүңүз. Коюлган суроого так жооп бериңиз.
- **Адегенде суроолордун жеңилдерине, анан кыйындарына жооп бериңиз.** Предметтик тесттин башталышында жеңил суроолор берилген, андан ары кыйыныраактары уланат. Суроолор улам кийинкисинде татаалдаша берет. Көбүрөөк убакыт талап кылынуучу оор тапшырмаларга чейин жеңилирээк суроолорго жооп берип жатканыңызды анык билиңиз.

**Жооп барактарын кантип толтуруу керек?**

Суроолорго эң ылайыктуу жоопту тандагандан кийин Сиз аны жооп барагына көчүрүшүңүз зарыл. Бул үчүн төмөндөгүдөй кадамдарды жасоо керек:

1. Тест дептеринен жооп барагына жообун көчүрө турган суроонун номурун табыңыз.
2. Жооп барагынан тандалган жоопко тийиштүү тегерекчени боёңуз.

Жооп барактары автомат түрдө иштеп чыгарылат, андыктан кылдат, таза иштеп, белгиленген эрежелерди катуу сактоо керек. Антпесе сканер маалыматты туура эмес эсептеп коюшу мүмкүн.
***Көңүл буруңуз:*** **белгилерди туура жерлерге койгонуңузду анык билүү үчүн жооп барагын маал-маалы менен текшерип туруңуз.**

# Англис тили

Англис тили боюнча тест 40 лексикалык-грамматикалык суроодон, 2 тексттен жана аларга карата берилген 10 тапшырмадан (же 1 тексттен жана ага карата берилген 5 тапшырмадан), ошондой эле окуганын түшүнүү боюнча тапшырмалары бар 5 кырдаалдан турат.
Тест Сиздин англис тилинин грамматикасындагы төмөндөгүдөй темалар боюнча билимдериңизди колдоно билишиңизди текшерет:

1. Артикль
2. Зат атоочтун көптүк түрү
3. Сын атооч
4. Тактооч
5. Предлогдор
6. Ат атооч
7. Этиштин чактары
8. Модалдык этиштер
9. Кыйыр сөз
10. Мезгил боюнча ээрчишүү
11. Инфинитив
12. Атоочтук
13. Герундий
14. Сүйлөм
15. Байламталар
16. Сөз жасоо

### Маалымат бөлүмү

### Артикль (The Article)

<u>Аныкталбаган артикль ***a (an)***</u> *one* сөзүндөй эле мааниге ээ. Ал саналуучу зат атоочтор менен гана колдонулат:
1) жекелик түрдө: ***A*** *teacher should be competent;*
2) кыймыл-аракеттин бир жолу жасалышын билдирген туруктуу сөз айкаштарында: *to be* ***a*** *success, to have* ***a*** *rest, to have* ***a*** *good time;*
3) зат атоочтун алдында турган сыпаттоочу аныктооч менен: *It was* ***a*** *moonless night;*
4) илептүү сүйлөмдөрдө, *what* жана *such*тан кийин: *What* ***a*** *cute child! It is such* ***a*** *lovely morning!*

<u>Аныкталган артикль ***the***</u> *that* сөзүндөй эле мааниге ээ. Ал төмөндөгүдөй учурларда жекелик түрдө да, көптүк түрдө да колдонулат:
1) эгер кырдаалга жана контекстке жараша сөз белгилүү бир адам же буюм жөнүндө болсо: ***The*** *day is fine* (кырдаал). *We have a new secretary.* ***The*** *girl is smart* (контекст).
2) Эгер сөз буга чейин кезиккен болсо: *He has a new car,* ***the*** *car is grey*.
3) Эгер зат атоочтун иреттик сан атооч (*Read* ***the*** *first text*) же *only, main, central, same, right/wrong, left/right, next, last, final* сөздөрү менен туюнтулган чектегич аныктоочу бар болсо*: She is* ***the*** *only child in the family. Keep to* ***the*** *right side of the street.*
4) Күчөткүч даражадагы сын атоочтордун алдында: *This is* ***the*** *best film I have ever seen. Health is* ***the*** *most important thing for me.*
5) Эгер зат атооч өзүнчө бирден бир нерсени же көрүнүштү билдирсе: ***The*** *Moon moves round* ***the*** *Earth.*
6) эгер зат атооч орун бышыктооч катары колдонулса: *in* ***the*** *street, at* ***the*** *theatre, at* ***the*** *office, at* ***the*** *library, on* ***the*** *balcony, in* ***the*** *garden, on* ***the*** *train.*
7) эгер зат атооч адамдардын, жаныбарлардын, ойлоп табуулардын, терминдердин, жанрлардын бүтүндөй бир түрүн билдирсе: ***The*** *computer was invented in America. Agatha Christie is the Queen of* ***the*** *detective story.*
8) зат атооч катары колдонулган сын атоочтордун, атоочтуктардын, этиштердин алдында: ***The*** *old often criticize* ***the*** *young.* ***The*** *Chinese invented fine china.*
9) *to be on* ***the*** *safe side* («балээге жолобой»), *in* ***the*** *long run* («акыр аягында»), *in* ***the*** *light of smth* («бир нерсенин "жарыгында" - -ге байланыштуу) сыяктуу бир катар сөз айкаштарында.
10) эгер мамлекеттердин аталышында жалпы ат колдонулган болсо: ***the*** *Russian Federation,* ***the*** *Irish Republic*, же алар көптүк түрдө колдонулган болсо: ***the*** *Netherlands,* ***the*** *United Arab Emirates*.

11) кээ бир аймактардын, облустардын, шаарлардын аталыштары менен: ***the** Crimea, **the** Caucasus, **the** Far East, **the** Riviera etc*.
12) деңиздердин, океандардын, кысыктардын, каналдардын, көлдөрдүн, шаркыратмалардын, жарым аралдардын аталыштары менен: ***the** Atlantic Ocean, **the** Mediterranean Sea, **the** English Channel, **the** River Thames, **the** Niagara Falls*.
13) тоо кыркаларынын, аралдар топторунун аталыштары менен: ***the** Urals, **the** British Isles*.
14) чөлдөрдүн аталыштары менен: ***the** Gobi, **the** Sahara Desert*.
15) эгер үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү жөнүндө сөз болсо: ***The** Abakirovs live in Tynystanov street*.

## Зат атоочтордун көптүк түрү (The Noun)

<u>Зат атоочтордун көптүк түрү </u> -s мүчөсүн кошуу жолу менен түзүлөт: a stand—stands.
Англис тилинде уңгусундагы үндүүсүн өзгөртүү жолу менен көптүк түрү түзүлө турган зат атоочтор бар: *a man - men, a foot - feet*.
Айрым зат атоочтордун жекелик жана көптүк түрдөгү формалары дал келишет: *one deer – two deer; one fish – two fish; one sheep – two sheep; one means – two means*; *one series - two series*.
Башка тилдерден өздөштүрүлгөн кээ бир зат атоочтордун көптүк түрүн эстеп калуу керек: *criterion – criteria; phenomenon – phenomena; formula – formulae/formulas; crisis – crises; datum – data* (алар ошондой эле жекелик түр катары колдонулушу да мүмкүн).
Татаал зат атоочтордун көптүк түрүнүн түзүлүшүнө көңүл буруңуз: *a grown-up –grown-ups; a mother-in-law – mothers-in-law; a woman-driver – women-drivers.*
Айрым зат атоочтордун көптүк түрү болбойт: *news, information, knowledge*. Мисалы: *Bad news travels fast*.

## Сын атооч (The Adjective)

<u>Сын атоочтордун салыштырма даражалары</u>. Англис тилинде үч салыштырма даражасы бар: негизги (positive), салыштырма (comparative) жана күчөтмө (superlative).
Англис тилинде сын атоочтордун даражалар боюнча өзгөрүшүнүн жөнөкөй жана курама деген эки формасы бар. Жөнөкөй формасы *–er* жана *–est* суффикстеринин жардамы менен түзүлөт:

| | | |
|---|---|---|
| *young* | *younger* | *youngest* |
| (негизги.) | (салыш.) | (күчөт.) |

Курама формасы *more* жана *(the) most* сөздөрүн сын атоочтун негизги формасына жалгоо жолу менен түзүлөт:

| | | |
|---|---|---|
| *comfortable* | *more comfortable* | *the most comfortable* |
| (негизги.) | (салыш.) | (күчөт.) |

Курама формасы көп муундуу сын атоочтордун салыштырма даражаларын түзүү үчүн колдонулат.
Салыштырма даражаларын түзүүнүн мындай жолу тактоочтор үчүн да колдонулат:

| | | |
|---|---|---|
| *hard* | *harder* | *the hardest* |
| *soon* | *sooner* | *the soonest* |

Салыштырма даражалары ар башка уңгулардан түзүлө турган сын атоочтордун жана тактоочтордун тобу бар. Алардын формаларын жаттап алуу керек:

| | | |
|---|---|---|
| *good, well* | *better* | *(the) best* |
| *bad, badly* | *worse* | *(the) worst* |
| *many, much* | *more* | *(the) most* |
| *little, few* | *less* | *(the) least* |

Көңүл буруңуз!
*Out of <u>two</u> boys Nick is <u>the taller </u>* (Эки баланын ичинен Ник эң бойлуу) сыяктуу салыштырма түрмөктөрдө сын атооч салыштырма даражада ***the*** артикли менен колдонулат**.**

Эсиңизде сактаңыз!
at least – болбоду дегенде
most of all – баарынан көбүрөөк
worst of all – баарынан жаман
best of all – баарынан жакшы
*What film do you like best (of all)? – Сизге кайсы фильм баарынан көбүрөөк жагат?*

*as ... as* – ...кандай болсо, ...ошондой эле
*not so ... as* – сыяктуу… эмес, ...дай эмес (болбойт)
*This book is as interesting as that book. – Бул китеп тиги китептей эле кызыктуу.*
*The days in the winter are not so long as in summer. – Кышында күн жайындагыдай узун болбойт.*
Эсиңизде сактаңыз!
*much better* – алда канча жакшы
*much more comfortable* – алда канча ыңгайлуу
*the more ... the more* – канчалык көп ..., ошончолук көп
*the more ... the less* – канчалык көп ..., ошончолук аз
*The more we study, the more we know. – Биз канчалык көп окусак, ошончолук көптү билебиз.*

**Тактооч (The Adverb)**

Сүйлөмдө тактооч бышыктоочтун милдетин аткарат.
Түзүлүшүнө жараша тактоочтор төмөндөгүчө бөлүнөт:

- жөнөкөй: *often, now, much, here, there*
- туунду(-ly суффиксинин жардамы менен түзүлөт): *easy – easily, soft – softly*
- татаал: *everywhere, somehow, sometimes*
- курама: *at last, at first, at best, by and large* (жалпысынан алганда)

Айрым учурларда тактоочтун формасы сын атоочтун формасы менен дал келет. Мындай сөздөргө төмөндөгүлөр кирет: *hard, fast, late, early, low*.
*He usually drives fast*. – Ал адатта ылдам жүрөт.
*Japanese trains are very fast*. -Жапон поезддери абдан ылдам .

Тийиштүү сын атоочтордон мааниси боюнча айырмаланган төмөндөгү тактоочтордун маанисин эстеп калуу зарыл: *nearly, hardly, lately*:
*It's nearly time for supper. – Дээрлик кечки тамактануу убактысы болуп калды.*
*I could hardly move my hand. – Мен колумду араңдан зорго кыймылдатып калдым.*
*I haven't seen her lately. – Акыркы мезгилде мен аны көргөн жокмун.*

*badly* тактоочу *жаман* жана *абдан* деген эки мааниге ээ:
*Mary sings badly. – Мэри жаман ырдайт.*
*I need you badly. – Сиз мага абдан керексиз.*

*to feel, to look, to seem, to taste, to sound, to become* этиштеринен кийин тактоочтун ордуна көп учурларда сын атооч колдонулат:
*Do you feel comfortable? – Сизге ыңгайлуубу?*
*The name sounds familiar to me. – Бул ысым мага тааныш.*

*today, tomorrow, yesterday* мезгил тактоочтору сүйлөмдүн башына же аягына коюлат:
*I bought this book yesterday.*
*Yesterday I bought this book.*

*recently* (жакында), *lately* (кийинки мезгилде), *before* (мурун) тактоочтору сүйлөмдүн аягында гана келет:
*I have never seen this book before. – Мен бул китепти мурун эч качан көргөн эмесмин.*

Көп кайталанууну билдирген *usually, often, never, seldom, always* тактоочтору этиштин тийиштүү формасынын алдында колдонулат: *He always gets up at seven o 'clock.*

Көп кайталанууну билдирген жана белгисиз чактагы тактоочтор *to be* этишинин тийиштүү формасынан кийин, анын жанында эле, колдонулат:
*She is often late for classes.*
Тактоочтордун салыштырма даражалары сын атоочтордуку сыяктуу эле эрежелер боюнча түзүлөт.

**Предлогдор (Prepositions)**

Убакыт (мезгил) предлогдору

| | | |
|---|---|---|
| at | Classes begin at 9:00. People sleep at night. | at + убакыт<br>at + night |
| in | I was born in June. I went to school in 1999. Lessons are over in the after-noon. | in + ай<br>in + жыл<br>in the morning/evening/afternoon |
| on | I have 5 lessons on Monday. My brother was born on the 1st of April. | on + жуманын күнү<br>on + дата |
| from... to | We have a break from 13:00 to 14:00 | from + убакыт<br>to + убакыт |

Предлогдор колдонулган сөз айкаштары

by 4 o'clock – саат 4кө
since 3 o'clock – саат 3төн баштап
till 2 o'clock – саат 2ге чейин
for 1 hour – бир саат бою
before 1995 –1995-жылга чейин
after 1991 –1991-жылдан кийин
during the interval – танапис учурунда
in 5 days –5 күндөн кийин
about half an hour – жарым саатка жакын

Айрым этиштер кайсы предлогдор менен колдонула тургандыгын эсиңизде сактаңыз:
to aim at – мээлөө
*The hunter aimed at the tiger.*
to arrive at – келүү (чакан шаарга, кайсы бир жерге)
*He will arrive at the airport.*
to arrive in – келүү (чоң шаарга)
*We arrived in London.*
to laugh at – күлүү (бир нерсеге)
*Children laughed at the clown.*
to throw at – таштоо (бир нерсеге, бир нерсенин ичине)
*Don't throw stones at animals.*
to be interested in – бир нерсеге кызыгуу
*My friends are interested in chemistry.*
to comment on – бир нерсеге түшүндүрмө берүү
*TV widely commented on this event.*
to depend on – ...дан көз каранды болуу
*That doesn 't depend on me.*
to pay attention to – ...га көңүл буруу
*We paid attention to his behavior.*
to leave for – ...га кетүү
*Students have left for Bishkek.*
to prevent from – тоскоол болуу, тоскоолдук кылуу
*Heavy rain prevented us from going to the stadium.*

**Англис тилиндеги этиштин чактары (Tenses)**

**Indefinite (Simple) Tenses**

Simple (Indefinite) тобундагы чактар учур, өткөн же келер чактагы болуучу фактылар катары айтылган кыймыл-аракеттерди билдирет.

| | **Ырастагыч форма** | **Тангыч форма** | **Суроолуу форма** |
|---|---|---|---|
| **Учур чак (Present)** | *I ask*<br>*You ask*<br>*She/he/it asks*<br>*We ask*<br>*You ask*<br>*They ask* | *I don't ask*<br>*You don't ask*<br>*She/he/it doesn 't ask*<br>*We don't ask*<br>*You don't ask*<br>*They don't ask* | *Do I ask*<br>*Do you ask*<br>*Does she/he/it ask*<br>*Do we ask*<br>*Do you ask.*<br>*Do they ask.* |
| **Өткөн чак (Past)** | *I*<br>*You*<br>*She/he/it* } *asked*<br>*We* } *wrote*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*You*<br>*She/he/it* } *didn't ask*<br>*We* } *didn't write*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*you*<br>*Did she/he/it* } *ask*<br>*we* } *write*<br>*you*<br>*they* |
| **Келер чак (Future)** | *I*<br>*You*<br>*She/he/it*<br>*We* } *will ask*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*You*<br>*She/he/I* } *will not*<br>*We* } *ask*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*you*<br>*Will she/he/it* } *ask*<br>*we*<br>*you*<br>*they* |

**Progressive (Continuous) Tenses**

Progressive (Continuous) тобундагы чактар учур, өткөн жана келер чактардагы белгилүү бир учурда болуучу процесстерди билдирет.

| | **Ырастагыч форма** | **Тангыч форма** | **Суроолуу форма** |
|---|---|---|---|
| **Учур чак (Present)** | *I am asking*<br>*You are asking*<br>*She/he/it is asking*<br>*We are asking*<br>*You are asking*<br>*They are asking* | *I am not asking*<br>*You are not asking*<br>*She/he/it is not asking*<br>*We are not asking*<br>*You are not asking*<br>*They are not asking* | *Am I asking*<br>*Are you asking*<br>*Is she/he/it asking*<br>*Are we asking*<br>*Are you asking*<br>*Are they asking* |
| **Өткөн чак (Past)** | *I*<br>*She* } *was asking*<br>*He*<br>*It*<br><br>*We*<br>*You* } *were asking*<br>*They* | *I*<br>*She* } *was not asking*<br>*He*<br>*It*<br><br>*We*<br>*You* } *were not asking*<br>*They* | *I*<br>*Was she* } *asking*<br>*he*<br>*it*<br><br>*we*<br>*Were you* } *asking*<br>*they* |
| **Келер чак (Future)** | *I*<br>*You*<br>*She/he/it*<br>*We* } *will be asking*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*You*<br>*She/he/I* } *will not be*<br>*We* } *asking*<br>*You*<br>*They* | *I*<br>*you*<br>*Will she/he/it* } *be asking*<br>*we*<br>*you*<br>*they* |

**Көңүл буруңуз!**

Туура этиштин Past Indefinite си этиштин негизине улануучу - *ed* суффиксинин жардамы менен түзүлөт:
*to ask – asked*

Туура эмес этиштердин өткөн чагын эстеп калуу керек: *to write – wrote, to do – did, to come – came…*

**Перфект чактары (Perfect Tenses)**

Perfect тобундагы чактар учур, өткөн жана келер чактардагы аягына жеткирилүүчү кыймыл-аракеттерди билдирет.

| | **Ырастагыч форма** | **Тангыч форма** | **Суроолуу форма** |
|---|---|---|---|
| **Учур чак (Present)** | *She<br>He<br>It* } *has asked*<br><br>*I<br>We<br>You<br>They* } *have asked* | *She<br>He<br>It* } *hasn't asked*<br><br>*I<br>We<br>You<br>They* } *haven't asked* | *Has she<br>he<br>it* } *asked*<br><br>*Have I<br>we<br>you<br>they* } *asked* |
| **Өткөн чак (Past)** | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *had asked* | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *had not asked* | *Had I<br>she<br>he<br>it<br>we<br>you<br>they* } *had asked* |
| **Келер чак (Future)** | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *will have asked* | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *will not have asked* | *Will I<br>she<br>he<br>it<br>we<br>you<br>they* } *have asked* |

**Perfect Continuous**

| | **Ырастагыч форма** | **Тангыч форма** | **Суроолуу форма** |
|---|---|---|---|
| **Учур чак (Present)** | *She<br>He<br>It* } *has been asking*<br><br>*I<br>We<br>You<br>They* } *have been asking* | *She<br>He<br>It* } *hasn't been asking*<br><br>*I<br>We<br>You<br>They* } *haven't been asking* | *Has she<br>he<br>it* } *been asking*<br><br>*Have I<br>we<br>you<br>they* } *been asking* |
| **Өткөн чак (Past)** | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *had been asking* | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *hadn't been asking* | *Had I<br>she<br>he<br>it<br>we<br>you<br>they* } *been asking* |
| **Келер чак (Future)** | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *will have been asking* | *I<br>She<br>He<br>It<br>We<br>You<br>They* } *will not have been asking* | *Will I<br>she<br>he<br>it<br>we<br>you<br>they* } *have been asking* |

## Туюк залог (The Passive Voice)

Туюк залог тийиштүү формадагы *to be* жардамчы этишинин жана негизги этиштин II тактоочунун жардамы менен түзүлөт:

to be + негизги этиштин Participle II си

**Туюк залог (Indefinite тобундагы чактар)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| This article | is<br>was<br>must be<br>can be<br>may be<br>will be | discussed<br>written | every year<br>yesterday<br>now<br>at once<br>at any time today<br>tomorrow |

Passive Voice түрүндөгү сүйлөмдөрдө кыймыл-аракетти жасаган курал, аспап же адам көрсөтүлбөшү мүмкүн. Эгер кыймыл-аракетти ким (эмне) жасагандыгын анык көрсөтүү керек болсо, анда тийиштүү зат атоочтор же ат атоочтор *by* предлогу менен (кыймыл-аракеттин субъектин көрсөтүү үчүн) же *with* предлогу менен (кыймыл-аракетти жасоодо колдонулган куралды, аспапты көрсөтүү үчүн) колдонулат.
*My letter is written with a pen. –Менин катым калемсап менен жазылган.*
*The letter was signed by our director. – Катка биздин директор кол койгон.*

**Туюк залог (Continuous тобундагы чактар).**

| | | | |
|---|---|---|---|
| A new film | is being<br>was being | shown | there now<br>there when I came<br>in this town |

Эскертүү: Англис тилинде туюк залогдун улантылган келер чагынын формасы жок.

**Туюк залог (Perfect тобундагы чактар)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| The telegram | has been<br>had been<br>will have been | sent | today<br>by 5 o’clock yesterday<br>by the time he comes back |

Төмөндөгүлөрдү эске сактоо керек:

1. Туюк залогдо ээ жактама ат атооч менен туюнтулат: *We were presented with books. - Бизге китеп тартуулашты.*
2. Кыйыр толуктоочтун предлогу этиштен кийин келет: *The doctor was sent for. – Докторго киши жиберишти.*

## Модалдык этиштер (Modal Verbs)

***Can, must, may модалдык этиштери***

| Модалдык этиштер | Мааниси | Мисалдар |
|---|---|---|
| Must<br><br><br>Must not = mustn't | Парз, милдеттенме, зарылдык, буйрук<br><br>тыюу | We must study hard.<br>I must buy some milk.<br>You must come home at once.<br><br>You mustn't smoke here. |
| Can<br>Cannot = can't<br>Could<br>Could not = couldn't | Акыл-эс же денебой<br>жөндөмдүүлүгү<br>уруксат берүү<br>тыюу | We can speak English.<br>You can come at any time.<br>Can I have a cup of coffee?<br>You can't cross the street here. |
| May<br>May not = mayn't<br>Might<br>Might not = mightn't | уруксат берүү<br>өтүнүч<br>тыюу (абдан катуу) | You may take this book.<br>May I open the window?<br>You may not take books away from the reading room. |

**Модалдык этиштердин сүйлөмдөгү колдонулушунун өзгөчөлүктөрү.**

1. Модалдык этиштер жак жана түр боюнча өзгөрбөйт:

*I*
*She*
*He*
*It* } *can, may, must*
*We*
*You*
*They*

2. Модалдык этиштерден кийин инфинитив *to* бөлүкчөсүсүз эле колдонулат: *They can swim very well.*

3. Сүйлөмдүн суроолуу формасы модалдык этиштин жардамы менен түзүлөт: *They can play tennis. – Can they play tennis?*

4. *can* жана *may* модалдык этиштеринин келер чак формасы жок. *Must* модалдык этиши учур чакта гана колдонулат.

**Модалдык этиштердин тангыч формасы**

*Must* (*must not, mustn't*) жана *may* (*may not, mayn 't*) модалдык этиштеринин тангыч формасына көңүл буруу керек. Бул формалар катуу тыюу салууну билдирет (которгондо – мүмкүн эмес, тийиш эмес). Бул маанини жумшартуу керек болгондо же зарылдык жана милдеттүүлүк мааниси жок болсо *needn't – керек эмес* деген форма колдонулат.
-*Must we go to the bank at once?*
-*No, you needn't. You can go there tomorrow.*

**Модалдык этиштердин эквиваленттери (алмаштыргычтары)**

*Can, may, must* модалдык этиштеринин ордуна төмөндөгү сөздөрдү колдонууга болот:
*can – to be able to* (бир нерсени жасай ала турган абалда болуу, жасай алуу)
*may – to be allowed to, to be permitted to* (бир нерсени аткарууга уруксаты бар болуу)
*must – to have to* (бир нерсе кылууга аргасыз болуу) жана *to be to* (бир нерсени алдын ала белгиленген план боюнча аткаруу)

Модалдык этиштердин алмаштыргычтары бардык чактарда модалдуулук[1] маанисин туюнтуу үчүн колдонулат:
Present: *I can read / I am able to read*
Past: *I could read / I was able to read*
Future: *I (shall/will) be able to read.*

*Must* – **to have to** модалдык этишинин алмаштыргычына көңүл буруу керек.

| | | **Ырастагыч форма** | **Суроолуу форма** | **Тангыч форма** |
|---|---|---|---|---|
| **Present** | I must read | I have to read | Do I have to read? | I don't have to read |
| **Past** | | I had to read | Did I have to read? | I didn't have to read |
| **Future** | | I shall/will have to read | Shall/will I have to read? | I shan't/won't have to read |

*Don't have to* формасы зарылдыктын жок экендигин билдирет: *I don't have to translate the article. – Мен бул макаланы сөзсүз эле которушум керек эмес.*
*To be to* модалдык алмаштыргычы кандайдыр бир пландалган иш-аракетти туюнтуу үчүн колдонулат. А көбүнчө транспорттун жүрүү расписаниесин көрсөтүү үчүн колдонулат: *The bus is to arrive at 5. – Автобус саат 5те келүүгө тийиш (расписание боюнча).*
*would rather, would sooner, had better* модалдык конструкцияларынын колдонулушуна көңүл буруңуз.
*Had better* дин эквиваленти - *should* этиши:
*You had better ('d better) eat more fresh fruit and vegetables instead of candies. – Сиз конфет эмес, таза жемиштерди жана жашылчаларды жесеңиз жакшы.*

*Would rather* артыкчылык берүүнү билдирет:
*I'd rather have coffee than tea. – Мен чайга караганда кофени артык көрөр элем.*

Кыймыл-аракетти жасоого чакырыкты туюнтуу үчүн *dare* этиши колдонулат:
*I dare you to jump off that wall! – Кел мелдешебиз, сен бул дубалдан секирип түшө албайсың!*

**Кыйыр сөз (Reported Speech)**
Кыйыр сөздө *tell, say, demand, ask, wonder* ж.у.с. этиштер колдонулат. Суроолуу сүйлөмдөрдү тике сөздөн кыйыр сөзгө айлантууда алардагы сөздөр түз тартипте жайгаштырылат, б.а. адегенде ээ, анан баяндооч болот.

| | **Тике сөз** | **Кыйыр сөз** |
|---|---|---|
| **Буйрук ыңгай** | The teacher says "Speak English in class."<br>Mother says "Don't watch TV till late at night."<br>"Fire!", the officer cried. | The teacher tells the students to speak English in class.<br>Mother tells me not to watch TV till late at night.<br>The officer ordered the soldiers to fire. |
| **Жалпы жана альтернативдик суроолор** | Pete says "Do you speak English?"<br>Ann says "Would you like tea or coffee?" | Pete asks if (whether) I speak English.<br>Ann asks if (whether) I would like tea or coffee. |
| **Атайын суроолор** | Nurlan says "Where does Nelly live?"<br>Irina says "How many students are there in the classroom?" | Nurlan wonders where Nelly lives.<br>Irina wants to know how many students there are in the classroom. |
| **Ырастагыч жана тангыч сүйлөмдөр** | Vera says "I like music."<br>Akyl says "I don't go to school on Saturdays." | Vera says that she likes music.<br>Akyl says that he doesn't go to school on Saturdays. |

[1] Модалдуулук – сїйлєєчїнїн кайсы бир иш-аракетке мамилеси.

**Мезгил боюнча ээрчишүү (Sequence of Tenses)**

Эгер негизги сүйлөмдөгү этиш өткөн чакта турса, анда багыныңкы сүйлөмдүн чагы өткөн чакка карай өзгөрөт. Учур чактын ордуна өткөн чак, өткөн чактын ордуна перфект өткөн чагы, келер чактын ордуна өткөндөгү келер чак колдонулат.

| **Simple Tenses** | |
|---|---|
| Azat <u>says</u> \| that he <u>plays</u> tennis very well.<br><br>Azat <u>says</u> \| that he <u>played</u> tennis very well two years ago.<br><br>Azat <u>says</u> \| that he <u>will play</u> tennis very well two years from now. | Azat <u>said</u> \| that he <u>played</u> tennis very well<br><br>Azat <u>said</u> \| that he <u>had played</u> tennis very well two years before.<br><br>Azat <u>said</u> \| that he <u>would play</u> tennis very well two years from now. |
| **Continuous Tenses** | |
| Oleg <u>says</u> \| that his mother <u>is working</u> in the garden.<br><br>Qleg <u>says</u> \| that his mother <u>was working</u> in the garden when he came home.<br><br>Oleg <u>says</u> \| that his mother <u>will be working</u> in the garden till late in the afternoon. | Oleg <u>said</u> \| that his mother <u>was working</u> in the garden.<br><br>Oleg <u>said</u> \| that his mother <u>was working</u> in the garden when he came home.<br><br>Oleg <u>said</u> \| that his mother <u>would be working</u> in the garden till late in the afternoon. |
| **Perfect Tenses** | |
| Alex <u>says</u> \| that he <u>has</u> already <u>done</u> his work.<br><br>Alex <u>says</u> \| that he <u>will have finished</u> his work by 5 o'clock. | Alex <u>said</u> \| that he <u>had</u> already <u>done</u> his work.<br><br>Alex <u>said</u> \| that he <u>would have finished</u> his work by 5 o'clock. |

**Лексика (Vocabulary)**

**Сөздүн курамы**
Сөздөр негизги, туунду жана татаал болуп бөлүнөт.

Негизги сөздөрдүн аффикстери болбойт: *drive, read, move*.
Туунду сөздөр аффикстердин – суффикстердин жана префикстердин сөз уңгусуна жалганышы аркылуу түзүлөт: *driver, movement, unpleasant*.
Татаал сөздөр эки же андан көп сөздөн турат: *bluebell, greenhouse, flowerbed*. Мында башкы сөзү дайыма кийин тураарын эске сактоо керек: *potflower* - бөлмө гүлү; *flowerpot* –гүл өстүрүүчү карапа.

Сөз жасоочу суффикстер:

| | | |
|---|---|---|
| Зат атоочтордун түзүлүшүндө колдонулуучу суффикстер | – ing<br>– er<br>– ment<br>– ness<br>– ist<br>– ance | feeling<br>player<br>government<br>darkness<br>guitarist<br>guidance |
| Сын атоочтордун түзүлүшүндө колдонулуучу суффикстер | – y<br>– able<br>– ful<br>– less<br>– ish<br>– ly<br>– en<br>– some | snowy<br>comfortable<br>playful<br>painless<br>bookish<br>lonely<br>wooden<br>handsome |

| | | |
|---|---|---|
| Тактоочтордун түзүлүшүндө колдонулуучу суффикстер | –ly | firmly |
| Этиштердин түзүлүшүндө колдонулуучу суффикстер | – ize<br>– en<br>– ate<br>– ify | naturalize<br>widen<br>stimulate<br>identify |

Жаңы сөздөр бир сөз түркүмүнөн экинчи сөз түркүмүнө өткөрүү жолу менен түзүлүшү мүмкүн. Мында алардын ички структурасы өзгөрүүсүз бойдон калат (конверсия):
*house* (үй) – *to house* (жайгаштыруу)
*nurse* (эже, няня) – *to nurse* (багуу, кароо)

Омоним – айтылышы окшош, бирок мааниси жагынан айырмаланган сөз:
*write* (жазуу) – *right* (оң)

*A sailor went to sea to see what he could see. But all he could see was sea, sea, sea…*
Бул жерде *sea* – деңиз, ал эми *see* – «көрүү» этиши.

Бирден ашык мааниси бар сөздөр көп маанилүү болуп саналат
*The camp was situated at the foot of the mountain.*
*The girl hurt her foot.*
Биринчисинде *foot* - «этеги», ал эми экинчисинде – «таман».

Синоним – мааниси жагынан жакын сөз:
*to go – to walk*
*to look – to stare*
*beautiful – handsome*
*Nelly looked surprised. – Nelly looked astonished.*
*surprised* жана *astonished* сөздөрү - ар кайсы деңгээлдеги таң калууну билдирген синонимдер.
Антоним – мааниси жагынан карама-каршы сөз:
*hot – cold*
*happiness – sorrow*
*to reject – to accept*
*up – down*
*Love will save the world. Hatred will ruin it.*
*Love* жана *hatred* сөздөрү - антонимдер, анткени алар мааниси боюнча карама-каршы.

**Герундий (The Gerund)**

Герундий – бул этиштин жана зат атоочтун милдеттерин айкалыштырып аткаруучу этиштин жаксыз формасы. Герундий этиштин негизине *–ing* мүчөсүн жалгоо жолу менен түзүлөт: *to write – writing.*

Герундийдин төмөндөгүдөй формалары бар:

| | **Active** | **Passive** | |
|---|---|---|---|
| **Simple** | seeing<br>writing | being seen<br>being written | жөнөкөй формалары: бирдей убактуулук же келер чак |
| **Perfect** | having seen<br>having written | having been seen<br>having been written | перфект формалары: мурда болуу |

1. *Peter likes studying foreign languages. – Петяга чет тилдерин үйрөнүү жагат.*
2. *Little John likes being read fairy tales. – Жомок окуп берүү кичинекей Джонго жагат.*
3. *I don't remember having seen such a picture. – Мындай сүрөттү көргөнүм эсимде жок.*
4. *I remember having been informed of the conference. – Мага конференция тууралуу айтканы эсимде жок.*

Герундий предлогдордон кийин колдонулушу мүмкүн:
*Igor is fond of playing chess.*
*The children insisted on visiting the History museum after dinner.*

Соңунан улай герундий гана колдонула турган этиштердин жана предикативдик (баяндоочтук) сөз айкаштарынын белгилүү тобу бар:

| | | |
|---|---|---|
| to appreciate<br>to forgive<br>to keep (on)<br>to enjoy<br>to finish | to prevent<br>cannot help<br>cannot resist<br>to excuse<br>to deny | To mind (тангыч жана суроолуу сүйлөмдөрдө)<br>to avoid<br>to refrain (from)<br>to be capable of |

*Martin couldn't help smiling. – Мартин жылмайбай кое алган жок.*
*Mary has finished typing a business letter. – Мэри ишкер катты бастырып бүттү.*

Төмөндөгү этиштерден кийин герундий да, инфинитив да колдонулушу мүмкүн:
*to like, to love, to prefer, to hate, to intend, to forget, to continue, to start, to begin.*
*I prefer reading books in the evening. – I prefer to read books in the evening.*

**Атоочтук (The Participle)**

Атоочтук – этиш жана сын атооч милдетин аткаруучу этиштин жаксыз формасы. Англис тилинде атоочтуктун эки түрү - I атоочтук (учур чактагы атоочтук) жана II атоочтук (өткөн чактагы атоочтук) бар.
I атоочтук этиштин негизине *–ing* суффиксин жалгоо аркылуу түзүлөт:

| | |
|---|---|
| (to) go + ing = going<br>(to) read + ing = reading | to go – going<br>to read – reading |

Сүйлөмдө I атоочтук төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:
1) аныктооч:
*I like to look at playing children. – Мен ойноп жаткан балдарды карап турууну жакшы көрөм.*

2) аныктоочу атоочтук түрмөктүн бөлүгү:
*The girl reading a book is my sister. – Китеп окуп жаткан кыз – менин эжем.*

